КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
СОКУЛУК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
СОКУЛУК АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
СОКУЛУКСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА
СОКУЛУКСКИЙ АИЛНЫЙ
КЕНЕШ

Жергиликтүү кеңештин ТОКТОМУ

2026-жыл 22- октябрь № 32

Сокулук айылдык кеңешинин регламентине, Сокулук айыл өкмөтүнүн регламентине жана Сокулук айыл аймагынын Жергиликтүү жамаатынын уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөргө (2026-жылдын 28-июлундагы № 134), Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2026-жылдын 21-сеентябрындагы № 01-23/261 буйругуна, Агенттиктин 2025-жылдын 17-февралындагы № 01-25/44 "Айыл өкмөттөрдүн регламенти жөнүндө", 2024-жылдын 6-декабрындагы № 01-25/330 "Жергиликтүү кеңештердин регламенттерин бекитүү жөнүндө" жана 2025-жылдын 17-мартындагы № 01-25/78 "Жергиликтүү жамааттардын Типтүү уставын бекитүү жөнүндө" буйруктарына, ошондой эле Агенттиктин 2026-жылдын 8-октябрындагы № 01-8/1331 сунуш катына ылайык, Сокулук айылдык кеңеши токтом кылат:

1. 2024-жылы бекитилген Сокулук айылдык кеңешинин Регламентинин, Сокулук айыл өкмөтүнүн Регламентинин жана Жергиликтүү жамааттын Уставынын тиешелүү пункттарынан «курултай» деген сөз алып салынсын жана өзгөртүүлөр киргизилсин.

2. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сокулук айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Г.Бейшенбаевага жүктөлсүн.

Төрага **Н.Н.Жумалиев**